УДК: 894.3

Алимбеков А., Алтынкая К.
*Кыргыз-Түрк "Манас" университети*

# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН МАКАЛДАРЫНДАГЫ ЖАШ МУУНДАРДЫ ТОЛЕРАНТТУУЛУККА ТАРБИЯЛОО ИДЕЯЛАРЫ

*В предложенной статье на основе сопоставления пословиц тюркских народов проанализированы их взгляды по воспитанию толерантности подрастающего поколения.*

Дээрлик бардык түрк тилдүү элдердин мурастарында алар тынчтыкты жана толеранттуулукту аздектеген элдер экендигин тастыктаган ойлор, осуяттар арбын учурайт. Орток мурас катары таанылган Орхон жазууларында да толерантуулук эскертилип, калкка зыян келтирбөө талап кылынат: «*Калкты машакатка салып, зыян келтирбеңиздер*» [3, 50].

Махмуд Кашгаринин «Дивани-лугат-ат-түрк» сөздүгүндө да толеранттуулукка байланыштуу бир катар насааттар берилет. «Башкаларга көңүлсүз мамиле жасаган ичи тар адамды» калк кабыл албайт, «жумшак мүнөздүү» адамдардын аты эртеңки күнү да эскертилет: «*Baktmas budun sewüksüz / Yudkı yüdhi saranka / Kazgan uliç tüzünlük / Kalsun çawınğ yarınka*" [4, 250]. Ошол эле ыр саптарында «Өч кол менен алынчу буюмдай туюлат, бирок сен андан алыс бол; конокко да, бейтааныш адамга да күчүң жеткенче жакшылык жаса» [4, 44] «Жумшак мүнөздүү адамдар менен мамиле жаса, жамандарга жанашпай, алыс бол; жумшак мүнөздүү адам мунун баарын көтөрөт, бирок мүнөзү начарлар сени тебелеп кетет» [4, 44] деген сыяктуу саптарда да ачык айкын берилет. Махмуд Кашгаринин эмгегинде белгиленген *"açukluğ"*, *"akı"*, *"bagırsak"*, *"sun"*, *"tüzün"*,

*"udhug könüllü er"*, *"ukuşlug"* сыяктуу сөздөр да толеранттуулук түшүнүгү менен тикеден-тике байланышта турат. *Açukluğ:* мүнөзү оң, *akı:* колу ачык, берешен, *bagırsak:* жароокер, мээримдүү, *sun:* ак көңүл [4, 138], *tüzün:* кең пейил, *udhug könüllü er:* түшүнүктүү адам, *ukuşlug:* түшүнүктүү, зирек киши деген маанини билдирет.

Жаш муундарды тынчтыкты сүйүүгө, толеранттуулукка тарбиялоо түшүнүктөрү түркия жана кыргыз элинин макал лакаптарындагы өзөктүү идеялардын бири. Алсак, түркия тилинде *"Ken bolsan kem bolmaysın"* – кыргыз тилиндегиси «Кең болсоң, кем болбойсун» деген макалдар эки элде тең кең пейилдик, толеранттуулук адамдардын эң ийги инсандык сапаттары катары бааланарын тастыктайт. Чын–чынына келгенде, толеранттуулук башка адамдардын катачылыгына чыдамкай, көтөрүмдүү мамиле жасоодон көрүнөт. Ошондуктан эл жаш муундарга *"Hatasız kul olmaz"* (Катасыз адам болбойт) – «Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбос» -деп эскерткен. «Дивани-лугат-ат-түрктө» *"Ot tütünsüz bolmas, yiğit yazuksuz bolmas"*(Түтүнсүз от болбойт, катасыз жигит болбойт), Алтынордо түркчөсүндө *"Kul kusursız bolmas /Ot tütünsüz, çiğit cazıksız bolmas"* (Катасыз адам болбойт/ Түтүнсүз от болбойт, катасыз жигит болбойт), Осмон түркчөсүндө *"Kul hatasız olmaz"* (Жараткандын кулу катасыз болбойт) [5, 282] таризинде берилип, Түркия түрктөрүнө да кеңири тараган бул макал башка түрк коомдорунун ичинде төмөндөгүчө айтылып келет [5, 283]: *"Deniz dalgasız, insan kusursuz olmaz"* (Толкунсуз деңиз, катасыз адам болбойт/Македония, Косова), *"Ut tötönhöz bulmay, yigit yazıkhız bulmay"*(Башкыр макалы), *"Hatasız kul olmaz"* (Болгария), *"Kul kusursız bolmaz"* (Dobruca), *"Atasız kul olmas"* (Deliorman), *"Aleasçoh hul çir üstünde çoğıl"* (Хакас), *"Ayıpsiz kim olmaz?"* (Карай түрктөрү), *"Adam katasız bolmas, köl bakasız bolmas"* (Казакстан), *"Kul hatasız olmaz"* (Түштүк Азербайжан), *"Hatasız kul olmaz"* (Кипр), *"Her gözelin bir ayıbı var"* (Керкүк түрктөрү), *"Kul kusursuz bolmaz / Kusursız insan bolmaz"* (Крым), *"Heş cazıksız er bolmas"* (Каракалпак түрктөрү), *"Adam katasız bolbos"*, (Кыргызстан), *"Hatasız adam olmaz, itasız Allah"* (Кашкай түрктөрү), *"Ayıpsız dos bolmas"* (Кумук түрктөрү), *"Er yanılmay bolmas, at sürinmey bolmas"* (Ногой түрктөрү), *"Hatasız mergen bolmas"* (Өзбекстан), *"Hatasız kol bulmas"* (Татарстан), *"Gul hatasız bolmaz, aga keremsiz"* (Түркменстан), *"Eyipsiz adem yok"* (Чыгыш Түркстан/ Уйгур түрктөрү). Ушул эле макал кыргыз түрктөрүндө «Кемчиликсиз киши болбойт», «Канатсыз куш, айыпсыз эр болбойт» - [6, 143]. Демек, бул макалдар түрк элдеринде түгөлү менен башкалардын жаңылыштыгына, адашып жасаган ишине өтө кыйкымчыл мамиле жасабай, турмушта боло берүүчү кокустук катары көтөрүмдүү мамиле жасоо салты бекем болгон. Эл жаш муундарды араздашкан адамдарды элдештирүүгө, кайрадан ымалага келтирүүгө өзгөчө басым жасашкан. Катасыз адам болбогонго жараша, орток маселелерде компромисске келүү өзгөчө мааанге ээ. *"Ayıpsız yâr/dost isteyen/ arayan, yârsız /dostsuz kalır"*(Айыпсыз жар/дос издеген/каалаган, жарсыз/досу жок калат) деген макалда адамдардын кетирген жаңылыштыктарын түшүнүү менен кабыл алуу жана алар менен бир орток компромисске келүү зарлычылыгы, эч бир кемчилиги жок жолдош издегендердин жалгыз калаары айтылат. Бул жөнүндө Түркия түркчөсүндөгү *"Ayıbsız yâr isteyen yârsız kalır"* (5, 118) түрүндө колдонулган макалдын башка түрк калктарында төмөндөгү формада айтылып жүргөнүн көрөбүз: [5, 118-119]: *"Тандаган тазга жолугат»* (кыргыз), *"Kusursuz dost arayan, dostsuz kalır"* (Гагауз эли), *"Eyibsiz dost ahtaran, yarsız kalar"* (Түштүк Азербайжан), *"Ayıbsız ten izdegen, tensiz kalır"* (Карачай түрктөрү). Демек, жакын жолдошунун шарапатын, пайдасын гана көрбөстөн, анын пейил-мүнөзүндөгү айрым өксүктөрүнө да чыдоо керек. *"Gülü seven dikenine katlanır"*(Гүлдү жакшы көргөн тикенине да чыдайт) деген макал адамдардан кемчилик издебей, катасыз айыпсыз адамдын болбостугун, орток макулдашууга келүү зарылчылыгын билдирген макалдардын дагы бири болуп эсептелет. Мунун кыргыз тилиндеги эквиваленти катары «Балды сүйсөң аарынын ачуусуна чыда» [6, 54] деген макалды көрсөтүүгө болот.

*Түрк элдери **жаш муундарды тынчтыкты сүйүүгө тарбиялоо үчүн согуштун адамзат турмушундагы өтө оор трагедия экендигин таанытууга** далалат жасашкан. Ошондуктан* кыргызда «Эки баатыр эрегишсе, бирөө калат, бирөө өлөт», «Каяшачыл карыш узабайт» деп ал эми түркия түркчөсүндө [6, 117]. *"Yırtıcı kuşun ömrü az olur"* (Жырткыч куштун өмүрү кыска болот) [5, 480] деп уруш жана жаңжалдын апааты адамдын өзү үчүн трагедия экендиги эң эле таасирдүү айтылат. Ушундай эле тарбиялык-таанымдык мааниси терең ой Кумук түрктөрүнүн макалында *"Kayır itni tişleri tez tüşer* (Урушчаак иттин тиши бат түшөт)" [6, 174] деп туюнтулат.

Батыш окумуштууларынын эмгектеринде түрк элдери туралуу сөз болгондо, алардын турмушунда согуш салттуу көрүнүш болгондугу көп жазылат. Ырас, көчмөнчүлүк турмушта эл жашаган жердин чеги расмий бекилбегендиктен жер, суу талашка байланыштуу араздашуулар ар дайым боло келген. Акылмандык, даанышмандыксыз калк турмушу эч убак бакубат болбойт, алар адамзат турмушунун түбөлүктүү категорияларынын катарына кирет. Эпостон бардык чөйрөдө кара кылды как жарган акыйкаттыктын үлгүсүн көрө алабыз. Согуш жана ага байланышкан иш-аракеттер түрк элдери тарабынан тарабынан адамкерчиликтин, гумандуулуктун чегинде жүргүзүлгөндүгүн айгинелейт.

Кыргыздардын пикиринде, согуш учурунда да адилеттикке чакырган даанышман эл болгон. Алсак, "Манас" эпосунда Бакай келишпес жоокерлерди душмандар менен согушта жеңишке жетишкен учурда да «Союштан артык албаңар, бүгүн душман, эртең Эл, Бүлүндүрүп салбаңар – деп, «канга кан» деген өч алуу, олжолоо, жазалоо, талап-тоноого багытталган салттардан оолак болууга чакырат.

*Түрк элдериндеги "Kanı kan ile yumazlar, kanı su ile yurlar" (К*анды кан менен эмес, суу менен жууйт) деген макал да тынчтык менен толеранттуулук түшүнүктөрүнүн негизин түзгөн туюнтма болуп эсептелет. Анын варинаттары «Дивани-лугат-ат-түрк» сөздүгүндө *"Kanıg kan bile (birle) yumas"*, Түркия түркчөсүндө *"Kanı kan ile yumaz"* (Çobanoğlu, 2004; 322) деген формада айтылган Орток макулдашууга келүү үчүн жанындагыны уга билүү жана түшүнүү керек. Ушул себептен улам Түркия түркчөсүндө *"İnsan konuşa konuşa, hayvan koklaşa koklaşa anlaşır"*(Адам баласы канчалык көп сүйлөшсө, эки тарап бир пикирге келет) [5, 303-304] деп айтылат. Кыргыздар «Ат кишенеп, адам сүйлөшүп табышат» [6, 31 ], Кумук түрктөрү *"Adam söyleşir, hayvan yalaşır* (Адам сүйлөшөт, жаныбар жалашат)" [6, 45], Түркмөнстан түрктөрү *"Adam soraşa-soraşa, hayvan ısgaşa-ısgaşa"* дешет.

Кыргыз жана түрк калктарынын салттуу тарбия маданиятында башкалардан жабыр тартсаң да сабырдуулук, чыдамкайлык, көтөрүмдүүлүк менен жооп кылуу адамдагы эң башкы сапаттардын бири катары ачыкталат. Бул жагынан, кыргыз макалдарында «Атаңдын өлтүргөнгө энеңди алып бер», «Таш менен урганды аш менен ур» деп көтөрүмдүүлүктү ашкере идеализациялаган нускалар да кездешет. Ал эми ар кандай жасалган жамандыкка карата ачууга алдырбай, аны жасаган адам өз айыбын, жаңылыштыгын түшүнмөйүнчө салкын кандуулук менен каарданбай, акылдуу мамиле жасоо ар бир адамга таандык сапат болушу керектиги белгиленет. Муну Түркия түркчөсүндөгү *"Sabreden derviş muradına ermiş"* (Сабыр кылган дервиш муратына жетиптир), *"Sabrın sonu selâmettir"* (Сабырдын соңу саламат) жана *"Sabır acıdır meyvesi tatlıdır / Sabırla koruk helva olur"* (Сабыр ачуу болсо да, мөмөсү таттуу болот/ Сабыр кылсаң ачуу алча да таттуу халва болот) деген макалдар айгинелеп турат. «Сабыр ачуу, мөмөсү таттуу» деген макалдын Түрк диалектилеринде бир канча варианттары бар [5, 412-413]. Ушул эле макал кыргыз тилинде «Сабырдын түбү сары алтын», Түркмөнстан түрктөрүндө *"Sabır soni sap altın"* деген формада жашайт. Ушул эле салмактуу санат Кыргыз түрктөрүнүн «Ашыккан (сабырсыз) калат уятка/ Сабырдуу жетет муратка» (Çelik Şavk, 2002; 27) жана Кумук түрктөрүнүн *"Saburluk bulan*

*bet'yarıklık tapar* "(Сабырдуунун жүзү жарык болот) [6, 189] деген маклдарында да бекемделет. Карачай-Балкарлардын арасында кеңири тараган *"Tözgen temir büger"* (Сабырдуу киши темирди бүгүп салат) деген макал Кумук түрктөрүндөгү макал менен тамырлаш идеяга негизделет.

Түрк элдери «Ачуу душман акыл дос», - деп толеранттуу эмес, ачууга алдырган адам зыян көрөт. Алсак, *"Öfkeyle kalkan zararla oturur"* (Çobanoğlu, 2004; 398) деген формада берилген жана Түркия түрктөрүндө кеңири колдонуган бул макалды башка түрк улуттары төмөндөгүчө колдонушат: *"Açuvlanıb örge turgan, zaran alıb olturur"* ((Карачай түрктөрү), *"Gahar-gazap, sonu-puşman"* (Түркмөнстан түрктөрү). Ачууга алдырганда жүрүм-турумдун ийги болоору жана ушул себептен улам ачуу өтүп кеткенге чейин эч бир чечим жасабай сабырдуулук кылууну сунуштаган кыргыз макалында төмөндөгүчө айкындалат: «Бүгүнкү ачууңду эртеңкиге кой» [6, 80]. Ачууга алдырбай, акыл-эске таянып иш кылгандар жеңишке жетет. Түркия түрктөрүндө *"Hakıllı gönün alır, hakılsız hatirin kaldırır* (Акылдуу көңүлүндү алат, акылсыз көңүлүңдң калтырат)" [6, 128] деп айтылса, Түркмөнстан түрктөрүндө *"Gahar duşuman, akıl dost, aklına akıl goş"* жана*"Akılnirede bolsa, dövlet hem şolyerde"* деп айтылып, акылдуу адамдардын тынчтык жана толеранттулулук чөйрөсүн сактап кала билүсү белгиленет.

**Жылуу сөз/жумшак тил:** Толеранттуу адамдардын негизги касиети башкаларга кичи пейилдик менен жылуу жумшак сүйлөө, тилин табуу. *"Tatlı dil yılanı deliğinden/ ininden çıkarır"* деген макалда жумшак жана жанга жагымдуу сылык сүйлөө сүйлөө жана анын инсан аралык мамилелердин жакындыгын камсыз кылуудагы чечүүчү ролу чечмеленет. жылуу сөздүн баарлашуудагы таасири түшүндүрүлөт. Çobanoğluнун сөздүгү көрсөткөндөй, инсан аралык коммуникацияга тиешелүү бул макал түрк тилдүү элдердин дээрлик баарында дал ушундай эле синтаксиситик түзүлүштө колдонулат. Ал эми кыргыз түрктөрүндө буга үндөш «Жылуу сүйлөсө жылан ийинден чыгат»[6, 103 ] (Çelik жана «Адамзааданы жакшы сөз атынан түшүрөт» [6, 203] деген сыяктуу макалдар кездешет. Оройлук менен айтылган сөзгө да сылык жооп берүү, ачуу сөздөргө да жумшак сүйлөө жалгыз гана толеранттуу адамдардын жан дүйнөсүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдөн болуп эсептелет. Анткени түрк элдеринде жакшы сөз жан азыгы «Таттуу сөз - жан азыгы, ачуу сөз - баштын казыгы» деп, жакшылык да, коркунуч, кооптуулук да сөз аркылуу жаралат. Кыргызстан түрктөрүндө мындай маани–маңызга ээ накыл кептердин катарына «Жакшы сөз жандын эшиги [6, 85] , *"Жакшы сөзду айбан да түшүнөт"* [6, 85], *"Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт [6, 88], "Жакшынын сөзү таш эритет, жамандын сөзү баш чиритет"* (Çelik Şavk, 2002: 88), *"Жаманга кеп айтам деп сөзүңдү айып кылбагын"*, *"Кыйнаган да тил, сыйлаган да тил"* [6, 145], *"Тили жумшак аш жейт, тили катуу муш жейт"* [6, 182] *"Тилден бал да тамат, уу да тамат"* [6, 182], сыяктуу жана башка макалдарды кошууга болот.

Жогорудагы талдоолор көрсөткөндөй сүйүү, урмат, тынчтык, акыйкаттык, сабырдуулук, жумшак тил, компромисс, достук, жакшылык, кечиримдүүлүк, теңдик, түшүнүү, ак көңүлдүк, чыгармачылык, билим, ак ниет, жароокерлик сыяктуу толеранттуулуктун өзөгүн түзүп турган түшүнүктөр түрк дүйнөсүнүн макалдарында маанилүү орунга ээ. Сабырсыздыктын негизин түзгөн сабатсыздык, урмат-сыйдын жоктугу, акыйкатсыздык, фанатизм, стереотиптер, түшүнбөстүк кылуу, кара ниеттик, жамандык, бузукулук сыяктуу түшүнүктөр Адам баласына таандык жагымсыз сапаттар катар катуу сынга алынып келген.

Түрк тегиндеги уруулар жана тектеш элдер түрдүү маданияты жана коомуна карабастан, толеранттуулук жана тынчтыкка байланыштуу баалуу көз караштарда жашап келишкен. Дин, улут, уруунун айырмачылыктары толеранттулукка таасирин тийгизбестен, тескерисинче кошуналардын жана муундардын өз ара мамилеси

толеранттуулуктун чегинде карала турган түшүнүктөр экени талашсыз.

Адабияттар:

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. I-бөлүк. - Б., 1996. – 80-б.

2. Алимбеков А. Педагогический потенциал пословиц и поговорок. //Русский язык и литература в кыргызских школах. – 2000, № 5-6. - С. 129-140.

3. ErginMuharrem. Dede Korkut Kitabı. 28. Baskı. – İstanbul. –Boğaziçi yayınları A. Ş. No: 51. -Ağustos. -2004.

4. ATALAY (çev). Divanü Lûgat-it-Türk Tercümesi. I. Cilt.–Ankara:Türk Dili Kurumu Yayınları: 521.-1985.

5. Çobanoğlu, Özkul, 2004, Türk Dünyası Ortak Atasözleri Sözlüğü, AKM yay.: Ankara.

6. ÇELİK ŞAVK, Ülkü (2002), Kırgız Atasözleri, Ankara: Türk Dil Kurumu Yayınları.

7. Kumuk Türkleri. (1997). Yeni Türkiye -Türk Dünyası Özel Sayısı: II, 16(2062-2066).Bozkurt, Fuat, 1995, "Türk Halk Kültüründe Hoşgörü", Uluslararası Hoşgörü Kongresi Bildirileri (10-12 Haziran 1995), Antalya.